*Кыргыз Республикасынын*
*Улуттук статистика комитети*

***Экспресс-маалымат***
2018-жылдын 12-сентябры

**Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын январь-августундагы социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү**

*(млн. сом)*

| | Иш жүзүндө | 2018 январь-августу 2017[1] январь-августуна карата пайыз менен | Маалымдама: 2017[1] январь-августу 2016 январь-августуна карата пайыз менен | Өсүшү (+), төмөндөөсү (-), пайыздык пункт |
|---|---|---|---|---|
| Ички дүң продукт (алдын ала баалоо) | 310267,2 | 99,7 | 105,1 | -5,4 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 282686,0 | 102,1 | 102,5 | -0,4 |
| Өнөр жай продукциясынын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмү - бардыгы | 146063,2 | 90,7[2] | 126,6[2] | -35,9 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 95168,5 | 102,9[2] | 121,7[2] | -18,8 |
| Пайдалуу кендерди казуу | 9610,4 | 66,1[2] | 191,4[2] | -125,3 |
| Иштетүү өндүрүшү | 111116,1 | 91,2[2] | 124,2[2] | -33,0 |
| Электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 24003,5 | 102,3[2] | 112,3[2] | -10,0 |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 1333,2 | 113,8[2] | 105,3[2] | +8,5 |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун дүң продукциясы | 113770,6 | 101,8 | 101,7 | +0,1 |
| Каржылоонун бардык булактарынын эсебинен негизги капиталга инвестиция (капиталдык салымдар) | 68516,4 | 105,1 | 98,4 | +6,7 |
| Курулуштун дүң продукциясы | 66968,7 | 106,7 | 95,0 | +11,7 |

| | Иш жүзүндө | 2018 январь-августу 2017[1] январь-августуна карата пайыз менен | Маалымдама: 2017[1] январь-августу 2016 январь-августуна карата пайыз менен | Өсүшү (+), төмөндөөсү (-), пайыз-дык пункт |
|---|---|---|---|---|
| Дүң жана чекене сооданын, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоонун жалпы көлөмү | 282141,1 | 105,5 | 105,1 | +0,4 |
| анын ичинде чекене соода, автоунаалардын жана мотоциклдердин соодасынан башка | 150518,4 | 103,6 | 105,2 | -1,6 |
| Мейманканалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү | 12317,5 | 106,6 | 107,6 | -1,0 |
| Транспорттун бардык түрлөрү менен жүктөрдү ташуунун көлөмү, миң тонна | 20040,8 | 103,8 | 101,8 | +2,0 |
| Транспорттун бардык түрлөрү менен жүктөрдү ташуулар, млн. адам | 468,6 | 102,9 | 103,4 | -0,5 |
| Почта жана чабарман ишмердигинин кызмат көрсөтүүлөрү | 454,3 | 101,1 | 104,5 | -3,4 |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 15169,6 | 92,5 | 76,3 | +16,2 |
| Керектөө бааларынын индекси | | 101,9 | 103,0 | -1,1 |
| - 2017-ж. декабрына карата | 98,8 | | | |
| - 2017-ж. августуна карата | 100,9 | | | |
| Катталган жумушсуздардын саны, миң адам | 68,8 | 109,9 | 110,8 | -0,9 |
| Бир кызматкердин орточо айлык номиналдык эмгек акысы[3], сом | 15765 | 106,7 | 106,2 | +0,5 |
| Тышкы соода жүгүртүү[4], млн. АКШ доллары | 3794,9 | 114,0 | 111,4 | +2,6 |
| андан ЕАЭБга мүчө-мамлекеттер | 1295,4 | 100,3 | 109,8 | -9,5 |
| Экспорт[4], млн. АКШ доллары | 917,8 | 98,4 | 123,0 | -24,6 |
| андан ЕАЭБга мүчө-мамлекеттер | 339,3 | 110,4 | 120,4 | -10,1 |
| Импорт[4], млн. АКШ доллары | 2877,1 | 120,0 | 107,5 | +12,5 |
| андан ЕАЭБга мүчө-мамлекеттер | 956,1 | 97,2 | 106,9 | -9,7 |

[1] Айрым көрсөткүчтөр такталды.
[2] Физикалык көлөмдүн индекси.
[3] 2018-ж.январь-июлу (чакан ишканаларды эсепке албаганда).
[4] 2018-ж. январь-июлу (алдын-ала маалыматтар боюнча).

**Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын январь-августундагы экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн жыйынтыктарына кыскача түшүндүрмөлөр**

**Ички дүң продукт.** Ү.ж. январь-авугстунда ички дүң продукттун көлөмү өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштыруу боюнча 310,3 млрд. сомду түздү жана 0,3 пайызга төмөндөдү. ИДП түзүмүндөгү эң чоң үлүш кызмат көрсөтүүчү тармактарга туура келди, алар анын жалпы көлөмүнүн 46 пайыздан ашыгын, өнөр жай үлүшү - 19 пайызды, айыл чарбасы - 11,5 пайызды жана курулуш - 7 ге жакын пайызды түздү.

«Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда, 2018-жылдын январь-августунда ИДПнын көлөмү 282,7 миллиарддан ашык сомду түздү жана 2,1 пайызга өстү.

**Өнөр-жай.** 2018-жылдын январь-августунда өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштыруу боюнча металл рудаларын казуу - 62,4 пайызга, ошондой эле кымбат баалуу металлдардын өндүрүшүнүн - 18,0 пайызга кыскарышынын эсебинен өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү 9,3 пайызга төмөндөдү.

«Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда, өндүрүштүн көлөмү 2,9 пайызга өстү. Өсүү текстиль өндүрүшүндө (1,5 эсеге), нефть продукттарынын өндүрүшүндө (34,9 пайызга), кийим өндүрүшүндө (24,9 пайызга), резина жана пластмасса буюмдарынын, ошондой эле башка металл эмес минералдык продукттарынын өндүрүшүндө (16,8 пайызга) камсыз болду.

Электр энергиясын өндүрүүнүн жана берүүнүн өсүүсүнүн эсебинен электр энергиясы, газ жана буу менен камсыздалган көлөмү 2017-жылдын январь-августундагы деңгээлинен 2,3 пайызга ашты.

**Айыл чарбасы.** Өткөн жылдын январь-августуна салыштыруу боюнча айыл чарба продукциясынын дүң чыгарылган көлөмдөрүнүн өсүшү, мал чарба продукциясын өндүрүү (2,3 пайызга) жана өсүмдүк өстүрүү продукциясын өндүрүүнүн (1,4 пайызга) көбөйүшү менен шартталды.

**Курулуш.** 2017-жылдын январь-августуна салыштыруу боюнча негизги капиталга инвестициялардын көлөмдөрүнүн өсүшү, пайдалуу кенди казуу, электр энергиясы, газ жана буу, мейманканалар жана ресторандар, маалымат жана байланыш, ошондой эле искусство, көңүл ачуу жана эс алуу чөйрөсүндөгү объекттердин курулушунан башка, ишмердиктердин көпчүлүк түрлөрүндө белгиленди.

Ички булактардын эсебинен каржылана турган инвестициялардын көлөмдөрү 9,8 пайызга өстү, ал эми тышкы булактардын эсебинен, тескерисинче, 7,8 пайызга төмөндөдү.

Ү.ж. январь-августунда инвестициялардын негизги көлөмү (алардын жалпы көлөмүнүн 82ге жакын пайызы) пайдалуу кендерди казуу, кайра иштетүү өндүрүшү, электр энергиясы, газ жана буу, транспорттук ишмердик жана турак жай курулушу боюнча объекттердин курулушуна багытталды.

**Соода.** Дүң жана чекене соода, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоо боюнча жүгүртүүнүн көбөйүшү, дүң сооданын (10,1 пайызга) жана чекене сооданын (3,6 пайызга) көлөмдөрүнүн өсүшүнүн эсебинен камсыз болду.

**Эмгек акы.** Орточо айлык эсептелген эмгек акынын өсүү темптеринин жогорулоосу, мейманканалар жана ресторандар ишмердиктеринин чөйрөсүнүн ишканаларынан жана уюмдарынан башка, экономикалык ишмердиктин бардык түрлөрүндөгү ишканаларда жана уюмдарда байкалды.

Орточо айлык эмгек акынын өсүү темптеринин олуттуу жогорулоосу курулушта (16,6 пайызга), башка тейлөө ишмердиктеринде (18,0 пайызга), маалымат жана байланышта (16,2 пайызга), мамлекеттик башкаруу жана коргоо; милдеттүү социалдык камсыздоодо (12,9 пайызга), дүң жана чекене соодада, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоодо, кесиптик, илимий жана техникалык ишмердикте (9,9 пайызга), ошондой эле кыймылсыз мүлк менен операцияларда (9,7 пайызга) байкалды.

**Баалар.** Ү.ж. башынан тартып (өткөн жылдын декабрына салыштыруу боюнча) бүтүндөй республика боюнча керектөө бааларынын жана тарифтеринин 1,2 пайызга төмөндөөсү катталды, ушул эле учурда, ү.ж. августунда өткөн айга салыштырмалуу, алардын - 0,4 пайызга төмөндөөсү кайрадан белгиленди. Ү.ж. январь-августунда баалар тамак-аш азыктарына жана алкоголсуз суусундуктарга 5,4 пайызга, азык-түлүк эмес товарларга - 0,7 пайызга төмөндөдү. Ушул эле учурда, тамекиге (15,8 пайызга), кызмат көрсөтүүлөргө (5,3 пайызга) жана алкоголдук ичимдиктерге (2,4 пайызга) баалардын жана тарифтердин жогорулоосу байкалды.

Жыл башынан бери керектөө товарларына жана кызматтарына баалардын республиканын бардык региондорунда төмөндөөсү байкалган, бир гана Нарын облусунда 1,8 пайызга жогорулап, Ош облусунда өзгөрүүсүз калган.

Ү.ж. январь-августунда тамак-аш азыктарына жана алкоголсуз суусундуктарга карата баалар бардык региондордо төмөндөдү, ал эми азык-түлүк эмес товарларга баалардын төмөндөөсү Баткен (3,4 пайыз), Жалал-Абад (1,8 пайыз) жана Талас (1,6 пайыз) облустарында байкалды, ошондой эле Бишкек шаарында (1,5 пайызга) белгиленди. Муну менен бирге, республиканын бардык аймактарында кызмат көрсөтүүлөргө, ошондой эле алкоголдук ичимдиктерге жана тамекиге да баалардын жана тарифтердин өсүшү белгиленди. Ушул эле учурда, кызмат көрсөтүүлөргө карата тарифтердин максималдуу өсүшү - Бишкек шаарында (6,2 пайыз), алкоголдук ичимдиктерге жана тамекиге - Талас облусунда (9,5 пайыз) катталды.

**Тышкы экономикалык ишмердик.** 2018-жылдын январь-июлунда *экспроттук жөнөтүүлөрдүн* 1,6 пайызга азайышы 2017-жылдын январь-июлуна салыштыруу боюнча алтынды - 22,2 пайызга, ошондой эле рудалар жана кымбат баалуу металлдардын концентраттарынын - 7,5 пайызга жөнөтүүнүн төмөндөөсү менен шартталды.

Муну менен катар, электр энергиясын жөнөтүү - 16,9 пайызга, текстиль жана текстиль буюмдарын - 2,2 эсеге, пахта буласын - 2,2 эсеге, ошондой эле кургатылган буурчак жашылчаларын - 33,3 пайызга жөнөтүү жогорулады.

Өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштыруу боюнча чыгып жаткан алтындын үлүшү 40,1 пайыздан 31,7 пайызга чейин, рудалар жана кымбат баалуу металлдардын концентраттарынын - 8,8 пайыздан 8,2 пайызга чейин төмөндөөсү белгиленди.

Өткөн жылдын январь-июлуна салыштыруу боюнча *импорттук келип түшүүлөрдүн* көлөмдөрүнүн жогорулоосу, кийимдердин - 2,2 эсеге, жемиштердин жана жаңгактардын - 1,9 эсеге, булгаарыдан жасалган буюмдардын - 1,6 эсеге,

жыгачтын таарындыларынан жасалган плиталардын - 1,6 эсеге, бут кийимдин - 42,4 пайызга, кара металлдын - 41,1 пайызга, химиялык булалардын - 23,3 пайызга, жер үстүндөгү транспорт каражаттары - 29,1 пайызга, парфюмериялык жана косметикалык каражаттарынын - 25,3 пайызга, тамекиден жасалган сигарет - 19,8 пайызга, пластмасса жана андан жасалган буюмдар - 19,5 пайызга киргизүүнүн көбөйүшү менен камсыздалды.

2018-жылдын январь-июлунда *ЕАЭБ мүчө-мамлекеттери менен республиканын өз ара соодасынын* көлөмү 1295,4 млн. АКШ долларын түздү жана 2017-жылдын январь-июлуна салыштыруу боюнча 0,3 пайызга өстү. Ушул эле учурда, товарлардын экспорту 10,4 пайызга өстү, ал эми импорттук келип түшүүлөр - 2,8 пайызга төмөндөдү.

ЕАЭБ мүчө-мамлекеттери менен республиканын өз ара соодасынын эң чоң үлүшү Россияга (66,2 пайызы) жана Казакстанга (32,1 пайызы) туура келди.

Товарларды Россиядан импорттоодо жер семирткичтерди - 2,0 эсеге, туш кагаздардын - 2,8 эсеге, отундун таарындысынан жасалган плиталардын - 2,3 эсеге, жылмаланбаган болоттон жасалган ичке темир - 2,3 эсеге, жүк ташуучу автоунаалар - 1,9 эсеге, жеңил автоунаалар - 1,6 эсеге көбөйдү. Ошол эле убакта, дары-дармек каражаттарына - 2,6 эсеге, күн карама майынын - 17,3 пайызга, канттын - 13,2 пайызга жана нефть продукттарынын - 6,8 пайызга келип түшүү көлөмдөрү төмөндөөсү белгиленди.

Товарларды Россияга экспорттоодо трикотаж блузкаларын - 17,7 эсеге, пахта буласын - 6,6 эсеге, эркек трикотаж көйнөктөрүн - 1,9 эсеге жана резина бут кийимдерин - 2,0 эсеге, жылмаланган айнек (43,2 пайызга) чыгаруу жогорулады. Ошол эле убакта, калдыктарды жана кымбат баалуу металлдардын сыныктарынын - 31,2 пайызга, ошондой эле кургатылган жемиштердин - 26,7 пайызга чыгуусу азайды.

Товарларды Казакстандан импорттоодо кара металлдан жасалган металл конструкцияларынын - 6,4 эсеге, нефть коксунун жана битумунун - 3,4 эсеге, пластмассадан жасалган таранын - 2,4 эсеге, кара металлдан жасалган буюмдардын - 2,4 эсеге, тамекинин - 1,9 эсеге, цементтин - 1,9 эсеге, жылмаланбаган болоттон жасалган жалпак прокаттын - 32,7 пайызга, күн карама майынын - 10,6 пайызга, ошондой эле буудайдын - 35,8 пайызга, таш көмүрдүн - 38,2 пайызга келип түшүү көлөмдөрүнүн төмөндөөсү белгиленди.

Товарларды Казакстанга экспорттоодо резина бут кийимдеринин - 3,8 эсеге, пластмассадан жасалган таранын - 47,3 пайызга, нан жана ундан жасалган кондитердик азыктардын - 53,0 пайызга чыгаруу көбөйдү. Ошол эле убакта, жылмаланган айнекти - 27,3 пайызга, эркектин трикотаж кийимдерин - 11,4 пайызга чыгаруу азайды.

# Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүүсү

**Ички дүң продукт**
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**«Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албагандагы ички дүң продукт**
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Өнөр жай продукциясы**
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**«Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албагандагы өнөр жай продукциясы**
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Айыл чарбасынын дүң продукциясы**
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Негизги капиталга инвестиция**
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



## Керектөө бааларынын индекси

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*




## Номиналдык айлык орточо эмгек акы

*(сом)*




## Реалдуу эмгек акы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Импорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Экспорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



**ЕАЭБга мүчө-мамлекеттерден болгон импорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




**ЕАЭБга мүчө-мамлекеттер менен болгон экспорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Дүң жана чекене соода жүгүртүүсү**
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Төрага** **А.Ш. Султанов**